**КУРМАНКУЛОВ Ш.Ж. ,**
**ОМУРБЕКОВ А.М.**
**ДУЙШЕНОВ Э.Д.**

# БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТЫН ЖАКШЫРТУУ КӨП ФАКТОРЛУУ ПРОЦЕСС

Окуу жайлары, айрыкча мектептер, учурдагы коомчулуктун атайын тапшырмасын (заказын) аткаруучу мекеме болуп саналат. Ошондуктан, окуу жайы кандай коомчулуктун курамында тургандыгына байланыштуу ага коюлган талаптарды аткарат. Коомчулуктагы, б.а., мамлекеттеги ар кандай деңгээлдеги социалдык-экономикалык өзгөрүү, окуу жайларынын децгээлине, формасына, мазмунуна таасирин тийгизбей койбойт. У шуга байланыштуу мамлекеттик окуу жайларынын, анын ичинде мектептердин акыбалы дагы түздөн түз мамлекеттин өсүп өнүгүү децгээлин чагылдыруучу күзгү экендиги айтпаса дагы белгилүү.

Орто муундагы инсандар үчүн СССРдин убагындагы менен эгемендүү Кыргыз Республикасы болгондон кийинки мектептерди, жогорку окуу жайларын, аларга болгон талаптарды, тартипти, билим тереңдигин салыштыруу жүрөк оорутуучу кейиштүү маселе болуп чыга келет. Мындай абалга келип калууга ким күнөөлү экендигин айтыш, ар кандай адамдын колунан келет, ал эми бул абалдан качан жана кантип чыгаарыбызды айтуу бул оңой-олтоң нерсе эмес. Албетте, эгерде коомубуз, б.а., мамлекетибиздин социалдык-экономикалык абалы тез арада жакшырып кетсе, ага киндиктеш болгон билим берүү системасынын оцолушуна шек жок. Бирок ал күндү күтүп жата берсек учурдун талабынан көп артта калып кетип, инерцияны жоготуп алышыбыз мүмкүн.

Бүгүнкү күнү Президентибиз, Өкмөтүбүз, Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан көптөгөн «жаңы көч» болуучу иштерди жүргүзүүнүн аракеттери көпчүлүк инсандарды кубандырат жана үмүттөндүрөт. Мындай үмүттүү иштердин демилгеси төмөн жактан дагы колго алынган болсо, анда жаңы көчтүн жүрүшү күчөп, эртерээк түшүмүн берер эле деп ишенебиз. Ага карата ар кимибиз өз салымыбызды кошуп, билген нерсебизди, ойлорубузду ортого салсак, көпчүлүктөн түшкөн жакшы ойлордун шурусу түзүлүп, биздин көз карашыбыз ошолордун бири болуп калса, биз мекенге болгон бир милдетти аткаргандай чоң кубанычта болоор элек.

Бүгүнкү күнү, Жогорку окуу жайларына (ЖОЖ) коюлган дооматтар аз эмес:

- окуу жайынын санынын көптүгү;
- окутуу сапатынын начарлашы;
- студенттердин терең билим албай жаткандыгы;
- коррупциянын күчөшү;
- материалдык-техникалык базанын жетишсиздиги;
- бүтүргөн адистердин жумуш менен камсыз болбой жаткандыгы ж.б.

Бул айтылган дооматтар бири-бири менен бир топ тыгыз түйүндөшкөн. Бир эле жол менен, бир эле шилтем менен баарын ойдогудай кылуу мүмкүндүгү дээрлик жокко эсе десек болот.

Биз, жогорку окуу жайларын жандуу жемиш багы менен салыштырып карасак абдан түшүнүктүү болоор эле. Жемиш багын түзүп, андан эртерээк жакшы жана мол

түшүм алуу үчүн ылайыктуу жер таап кочот олтургузуп коюу менен иш бүтпөйт. Ойлогондой түшүм алуу үчүн төмөнкүдөй зарыл жана жетиштүү шарттар керек:

- көчөттү тандап жана климаттын шартына жараша убагында олтургузуу;
- жекелетип бутап туруу;
- жакшы сортко кыйыштыруу;
- убагында суу жана жер семирткич берүү;
- ар түрдүү курт-кумурскалардан тазалоо жана оорунун алдын алуу. Жогоруда айтылган сыяктуу ЖОЖдо дагы билим берүү сапатын

жакшыртуу көп факторлуу процесс. Канчалык фактордун саны коп болсо, оптималдуу моделди табуу татаал экендиги белгилүү. Ошондой эле кээ бир факторлор калктын социалдык-экономикалык абалына түздөн түз бай ланыштуу. Мындай учурда этияттуу, кыраакылык коз караш менен иш алып баруу максатка ылайыктуу. Окуу сапаттарын жакшыртууга өбөлгө түзүүчү негизги фактор лорду аныктап, алардын келип чыгуу себептерин иликтеп, ошого жараша обьективдүү иш чараларын пландаштыруу бүгүнкү күндүн негизги талаптарынын бири. Мындай факторлордун бири болуп, студенттердин жана ата-энелердин негативдүү ойлоо психологиясы болуп саналат. Бүгүнкү күнү студенттердин жана алардын ата-энелеринин дагы психологиялык ой жүгүртүүлөрү өзгөрдү. Иши кылып, окуса болду, окуп убара болбой эле ар кандай жол менен баа алып жана окуу карыздарын жоюга боло берет деген ишенимде. Бул ишенимдин таасиринде жана мектептеги окуучулардын сабакка болгон мамилесинин негизинде азыркы студенттерди, биздин анализ боюнча, төмөнкүдөй категорияга бөлсөк болот (1-сүрөт).

Мындай, «жакшы» студент менен жогорку окуу жайларынын баарысы камсыз болушу мүмкүн эмес. Мындай студенттердин көпчүлүгү борбордогу эң мыкты окуу жайларына умтулат. Бул категориядагы студенттер менен окутуучулар чыгармачылык менен иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

«Жалкоо» студент «жакшы» студенттерге Караганда арбыныраак. Бул студенттерге кийинки категориядагы студенттердин негативдүүү таасири күчтүү болуп жатат. Бул категориядагы студенттерге туура жана объективдүү талап коюлса проблема чечилет. Бул жогорку окуу жайларынын ар биринин жүргүзгөн жекече саясытына жараша колдон келе турган маселе.

Студент

Жакшы студент

Илең-салаң студент

Жалкоо студент

Булганыч студент

Билим алууну каалайт, орто билими жогорку деңгээлде

Билим алууга көп аракеттенбейт, орто билими жетиштүү

Билим алууну каалайт, бирок орто билиминин деңгээли төмөн

Билим алууну каалабайт жана орто билими ото начар

1-сүрөт

«Илең-салаң» категориядагы студенттер боор ооруй турган акыбалда. Окутуучу лардын көпчүлүгү бул студенттерге кош көңүл мамиле жасайт. Бул мектептен «жапа чеккен» окуучулар. Орто билиминин начардыгынан, жогорку билим алууга «мүмкүнчүлүгү «чектелген» студенттер, б. а., сабакты жеткиликтүү түшүнбөйт. Алардын саны бүгүнкү күнү студенттердин негизги массасын түзүп жатышат. Бул категориядагы студенттердин билим децгээлин жакшыртуу мектептин окуу системасы менен тыгыз байланышкан ажырагыс маселе. Ошондой болсо дагы мындай көрүнүшкө «атайын» чара көрүү максатка ылайыктуу. Студентердин мектептен алган билиминин жетишсиз экендигин, ошондуктан окуу предметтерин өздөштүрө албай жаткандыгына ынандыруу керек. Мындан кийин, өз алдынча жана жеке репитициянын жардамы менен билим деңгеелин оңдоого боло тургандыгын негиздеп иш алып барып, жана аны контролдоо керек. Буга негизги окуу акысынан башка каражат талап кылынарына ата-энесинин макулдугу такталып, анан мындай студенттерден минигруппалар түзүлүп, сабактан кийин кошумча окуй турган интенсивдүү курс уюштурса болот.

Төртүнчү категориядагы «булганыч» студенттердин жогорку окуу жайына келишинин кереги жок экендигин ата-энелерине жана өздөрүнө түшүндүрүү керек жана аларды ЖОЖко келтирбөө үчүн күрөшүү зарыл. Бу лардын болушу студенттердин коомчулугуна терс таасирин тийгизет. Мындай студенттер окуудан чыгарылгандан кийин ректорлор кайрадан калыбына келтирбегенде (отчисление без право восстановления) жакшы болоор эле.

Студенттерди иликтөөнүн негизи көрсөткөндөй, комплекстүү иш алып барбай туруп, окуу сапатын жакшырттууга болгон аракет же жалаң эле коррупция менен катуу күрөшүү, өз.үнүн жакшы натыйжасын бере алышы күмөндүү. Анткени, салыштырып айтканда алма бакты ар түрдүү курт кумурскадан тазалоо менен гана алек болуп калган зарыл жана жетиштүү шарттар каралбай калгандай сыяктанат.

Жогоруда айтылган ойлорду жыйынтыктан жогорку окуу жайларында окуу сапатын жакшыртуу орто мектеп менен бирдикте алынып баруучу төмөнкүдөй туюк айланма система формасында (1-сүрөт) жүрүшү эффективдүү болуп, алгылыктуу өз жемишин берер эле деген ойдобуз.

Биринчи пункт боюнча Министрликте алгылыктуу иш чаралар жүргүзүлүүдө. Экинчи пункт боюнча, окутуучулардын талабын канааттандырарлык децгеелге жетпей келет. (Мис. Салыштырып айтсак СССРдин убагында жөнөкөй окутуучунун айлыгына 9 кап ун келсе, доценттин айлыгына 22 кап ун алууга болоор эле).

Үчүнчү пункттагы тоскоолдук, бул ата-энелердин жана студенттердин билим берүүдөгү «рыноктун» шарты менен толук тааныш эмес экендигинен келип чыккан маселе. Студентке жана ата-энесине «бааны» алууга эмес, билим алууга контракт төлөп жаткандыгы тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү керек. Айрыкча бул маселе 1-2 курста чечилиши максатка ылайыктуу. Ал эми «Болон» процессине өтүүдө бул маселе өзүнөн өзү чечиле турган обьективдүү себептери бар.


Төртүнчү маселе, жогорку окуу жайларынын суроо-талабынын негизинде министрликтин координациясы менен ишке аша турган болсо сапатуу жана женил болмок.

**ЖОЖдо окуу сапатын жакшыртуу**

Көп факторлуу туюк процесс экенин эске алуу

2. Окутуучулардын айлыгын жетиштүү деңгээлге көтерүү

5. Башкы ЖОЖдордо окутуучулардын билимин өркүндөтүү курстарын уюштуруу (ИПК)



6. ЖОЖдун курамында мектеп мугалимдеринин курсун ачуу (ФПК)

**8.** Мектепте билим берүү сапатын жакшыртуу

**7.** Регионалдык аттестациялык комиссия

2-сүрөт

Бешинчи маселеде, ар бир адис боюнча, кадрдык базасы көрсөткүчү жогору болгон жогорку окуу жайларында «Башкы кафедра» уюштурулса жана ал кафедраларда регионалдык жана чакан жогорку окуу жайларынын мугалимдери курстан өтүшүп, өздөрүнүн децгээлин көтөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, окутуучулардын сапаты көтөрүлөт эле. Ушундай эле ишти регионалдык ЖОЖдордо мектептин мугалимдерине жүргүзгөндө, мектеп мугалимдеринин билимин өркүндөтүүгө шарт түзүлмөк.

Жетинчи пункт, мектеп мугалимдери үчүн жагымсыз маселе. Ошондой болсо дагы аны жүргүзүү зарыл. Анткени бүгүнкү күнү көп айылдык мектептерде мугалимдердин билим деңгээли төмөн жана бүгүнкү күндүн талабына жооп бере албайт. Ал эми аларга обьективдүү аттестация жүргүзүү жергиликтүү жетекчилердин колунан келе турган иш эмес. Ошондой эле айыл жерлеринде предметтик мугалимдер жетпегендиктен башка адистикти бүткөн мугалимдер ар кайсы сабактарды берип жатышат.

Жогорудагы көрсөтүлгөн аракеттерди жасоо менен ар бир жогорку окуу жайы коррупция менен күрөшүү иштерин алып барса, анда окуу сапаты дагы жакшырып, коррупциянын тамырын кыркууга мүмкүнчүлүк түзүлөр эле.